DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



## ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ
## ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ
## HISTORICAL SCIENCES

*Абдиева Ж.К.*

# ЖАШ МУУНДАРГА РУХАНИЙ-АДЕП-АХЛАКТЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨ КЫРГЫЗ ТААНУУ САБАГЫНЫН РОЛУ

*Абдиева Ж.К.*

# РОЛЬ КЫРГЫЗОВЕДЕНИЯ В ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОМ ВОСПИТАНИИ ПОДРАСТАЮЩЕГО ПОКОЛЕНИЯ

*Zh. Abdieva*

# THE ROLE OF KYRGYZ STUDIES IN THE SPIRITUAL AND MORAL EDUCATION OF THE YOUNGER GENERATION

*УДК: 947.1:93/99(575.2)(043.3)*

*Бул макалада, жаш муундарга руханий, адеп-ахлактык тарбия берүүдө кыргыз таануу сабагынын ролу көрсөтүлөт. Кыргыз тануу сабагы өз ичине кыргыз эл санжырасы, жети ата, тууган урук, жек жаат, куда сөөк, дос тамыр, кыргыз элинин үй-бүлөлүк баалуулуктары, адамдын жаш курагы, жаныбарлардын жашына жараша аталышы, Кыргызстандагы жер, суу аптарынын мааниси, Күн, ай, жыл аттарынын кыргызча аталышы, боз үй жана анын ички, тышкы жасалгалары, улуттук кол өнөрчүлүк, ат жабдыктар, жоокердик курал жарактары жана кийимдери, кыргыз элинин улуттук кийимдер, улуттук тамак аштар, конок күтүү, кыргыз элинин улуттук каада-салттары, үрп-адаттары, жөрөлгөлөрү, улуттук майрамдар жана той тамашалар, улуттук музыкалык аспаптар, улуттук оюндар, элдик ырым-жырымдар жана турмуштук тыйуулар, элдик медицина, кыргыздардын диний ишенимдери, Эне-сай кыргыздарынын жазуусу, кыргыздардын чен бирдиктери, элдик ооз эки чыгармачылык, манасчылар, элдик айтымдар, макал-лакаптар жана накыл сөздөр, заманчы акындар, элдик күүлөр, элдик ырлар, элдик бийлер, Кыргызстандагы орто кылымдарга таандык архитектуралык эстеликтер деген темадагы мазмундарды камтуу менен кыргыз элинин этномаданиятын, баалуулуктарын жаш муундарга үйрөтүү жана окуучуларга руханий, адеп-ахлактык тарбия берүү максатын көздөгөндүгү жана сабактардын иштелмелери окутуунун интерактивдүү усулдарынын негизинде иштелип чыккандыгы айтылат.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз таануу, улуттук баалуулуктар, окутуунун интерактивдүү усулдары, адеп-ахлактык тарбия, каада-салт, үрп-адат, жөрөлгөлөр.*

*В данной статье показана роль кыргызоведения в духовно-нравственном воспитании подрастающего поколения. Содержание урока кыргызоведения включает родословную кыргызов, семь отцов, корни родственников, семейные ценности кыргызов, возраст человека, названия животных по возрасту, значение топонимов в Кыргызстане, Солнце, Луна, кыргызские названия года, юрта и ее внутреннее и внешнее убранство, народные промыслы, конское снаряжение, оружие и одежда, кыргызские национальные костюмы, национальная кухня, гостеприимство, кыргызские национальные традиции, обычаи, обряды, национальные музыкальные инструменты, игры, народная медицина, кыргызские религиозные верования, сведения о письменности коренных кыргызов, кыргызские единицы измерения, фольклор, манасчы, народные пословицы и поговорки, народные мелодии, танцы и архитектурные памятники средневековья в Кыргызстане. Он направлен на обучение этнокультуры и ценностей подрастающего поколения, на духовно-нравственное воспитание учащихся, а планы уроков основаны на интерактивных методах обучения.*

***Ключевые слова:*** *кыргызоведение, национальные ценности, интерактивные методы обучения, нравственное воспитание, обычаи, традиции, обряды.*

*This article shows the role of Kyrgyz studies in the spiritual and moral education of the younger generation. The content of the Kyrgyz studies lesson includes the Kyrgyz ancestry, seven fathers, relatives, Kyrgyz family values, human age, animal names by age, the meaning of toponyms in Kyrgyzstan, the Sun, the moon, Kyrgyz names of the year, the yurt and its interior and exterior decoration, folk crafts, horse equipment, weapons and clothing, Kyrgyz national costumes, national cuisine, hospitality, Kyrgyz national traditions, customs, rituals, national holidays and wedding jokes, national musical instruments, national games, folk rituals and taboos, folk medicine, Kyrgyz religious beliefs, includes information about the writing of the indigenous Kyrgyz, Kyrgyz units. Measurements, folklore, manascha, folk sayings, proverbs and sayings, modern poets, folk melodies, folk songs, folk dances, architectural monuments of the Middle Ages in Kyrgyzstan. It is aimed at teaching ethno culture and the values of the younger generation and the spiritual and moral education of students, and lesson plans are based on interactive teaching methods.*

***Key words:*** *kyrgyz studies, national values, interactive teaching methods, moral education, customs, traditions, rituals.*

Баамдап турганыбыздай бүгүнкү күндө мектептерде кыргыз таануу сабагы деген сабак жок. Өткөн жылдагы илимий-практикалык конференциянын материалында “Кыргыз таануудагы руханий баалуулуктарды үйрөнүү маселелери” деген темадагы макаламда бул сабакты түзүүгө түрткү берген жагдайлар, жарлыктар жана мааниси, мазмуну иликтөөгө алынган.

Ал эми бүгүнкү күнү тажрыйбалуу мугалим, Кыргыз Республикасынын эл агартуунун мыктысы Акчал Рыспекович Атагулов агай менен бирдикте “Кыргыз таануу сабагы” аттуу өспүрүмдөр үчүн окуу куралын жана “Кыргыз таануу сабагы” боюнча муга-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



лимдер үчүн түзүлгөн усулдук колдонмонун бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу, жаңычылдыгы, максат, милдеттери, өзгөчөлүгү жөнүндө айтылат.

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров: "Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы" жөнүндөгү жарлыгында ички саясаттын эң маанилүү багытын – жогорку моралдык ченемдерди, каада-салттарды, салттуу болгон үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарды, сергек жашоону өздөштүрүү, Кыргызстан элдеринин маданиятынын дөөлөтүн, кайталангыстыгын жана бирдиктүүлүгүн чагылдырган жалпы адамзаттык баалуулуктардын системасына өтүү аркылуу жарандарды тарбиялоону колдоо максатын таасын белгилеген.

Кыргыз элинин атадан балага мурасталып келген каада-салттары кыргыз элинин нарктуу дүйнөсүн ачык чагылдырган сулуулук, атуулдук сыймык, инсандык жетилүүнүн опол тоодой тиреги экендиги талашсыз. Бирок ошол опол тоодой болгон руханий байлыгыбызды жерге-сууга тийгизбей мактап, сөз кылып жүрө берүү бул өзүнчө кеп, ал эми аны заман күтүп турган чыныгы практикалык ишмердикке айландыруу бул өзүнчө кеп. Мисалга алсак, авторлор тарабынан түзүлгөн кыргыз таануу сабагы орто мектептин, лицейдин, гимназиялардын класстан тышкаркы иштеринде, орто кесиптик жана жогорку окуу жайлардын окуу жана тарбиялык иш аракеттеринин планына киргизүү, аны окуп үйрөнүү бүл – бүгүнкү күндүн талабы деп айтсак жаңылышпайбыз. Кыргыз элинин, анын ичинде ар бир инсандын улуттук сыймыгы жөнүндө сөз кылуудан мурун индия элинин улуу акыны, ойчулу Рабиндранат Тагордун (1861-1941) төмөндөгү сөздөрү эске келет: "Дүйнө алдында өзүн көрсөтүү ар бир улуттун милдети. Эгерде анын башкаларга айта турган эч нерсеси жок болсо, муну улуттук кылмыш катары түшүнүш керек, бул өлүмдөн жаман, муну адам баласынын тарыхы эч кечирбейт. Өзүндөгү болгон асыл наркты жалпы адамзаттык көрүнүшкө айландыруу – ар бир атуулдун милдети".

Ички дүйнөсү өнүккөн адам кырдаалды туура баалай билет, алдыга реалдуу максаттарды койо алат, өзүн-өзү өркүндөтүү жана өнүктүрүү үчүн болгон күч аракетин жумшайт. Адамзат өзүнүн миңдеген жылдарга созулган тарыхында коомдук турмушту өнүктүрүүдө коомдо жашоонун эрежелерин калыптандырып келген, анын натыйжасында адамзат өзүн сактап, коомдун өнүгүшүн камсыз кылган адептик эрежелердин топтомун пайда кылган.

Адамзаттын тукуму адам коому адептүүлүктүн натыйжасында гана сакталып өнүгүп келген. Анткени адамдар байыркы доордо эле өздөрүнүн иш-аракеттеринин жакшы жана жаман жактарын айырмалап жакшы сапаттарын колдонуп, жаман сапаттардан арылууга аракет кылып келишкен. Адептүүлүктүн адамзат үчүн пайдалуу эрежелери кыргыз элинин адеп-ахлактык эрежелеринде кеңири кездешет.

**"Кыргыз таануу сабагы" боюнча түзүлгөн мугалимдер үчүн усулдук колдонмо** кыргыз элинин этномаданиятын, баалуулуктарын жаш муундарга үйрөтүү жана окуучуларга руханий, адеп-ахлактык тарбия берүү максатын көздөйт. Мындагы сабактардын иштелмелери окутуунун интерактивдүү усулдарынын негизинде иштелип чыкты. Колдонмо негизинен мектеп мугалимдерине, класс жетекчилерге, кураторлорго, ата-энелерге жана ошондой эле педагогикалык окуу жайлардын практик-студенттерине сунушталат.

**"Кыргыз таануу сабагы" аттуу өспүрүмдөр үчүн окуу куралы** өспүрүм курактагы балдарга кыргыз элинин каада-салт, үрп-адат, этномаданият баалуулуктарын үйрөтүү максатын көздөйт. Мындагы сабактар окутуунун интерактивдүү усулдарынын негизинде иштелип чыкты.

**Кыргыз таануу деген эмне?** Кыргыз элинин тарыхын, тилин, философиясын, этнографиясын, руханий жана заттык маданиятын ар тараптуу, комплекстүү, илимий деңгээлде иликтөөчү тармак. Бул тармакка кыргыздар байырлаган тарыхый чөлкөмдөрдүн (анын ичинде Кыргызстандын, Борбордук Азиянын, Сибирдин жана Ички Азиянын) тарыхый географиясын, картографиясын ж.б. илимий жагдайларын да иликтөө кирет.

Кыргыз таануунун базалык обьектиси катары кыргыз элинин тили, маданияты, тарыхы жана дүйнө таанымы эсептелет. Башкы булактар болуп "Манас" эпосу баш болгон эпикалык чыгармалар, кыргыз уламыштары, мифтери, фольклору жана башкалар саналат.

Кыргыз таануунун мазмунун кыргыз адамынын антропологиялык маселелери, кыргыз элинин этнологиялык өзгөчөлүктөрү, жалпы тарыхы, жашоо образы, тили, философиясы, этикасы, маданияты, экосистемасы, мамлекети, баалуулуктары жана дүйнө таанымы түзөт.

Баамдасак, кыргыз таануудагы руханий баалуулуктар боюнча жазылган көптөгөн илимий эмгектер, макалалар, концепциялар, жарлыктар бар. Бирок ачуу чындыкты маалымдасак, келечектин жаш өспүрүмдөрүнө жеткирүү максатында бирдиктүү, комплекстүү иш-аракеттердин жоктугу, механизмдердин так эместиги байкалгансыйт.

Ал эми бул жазылган эмгекте балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен билим берүү, ан-сезимине сиңирүүгө аракет жасалган так механизмдер бар. Кыргыз таануу боюнча иштеле турган көп жумуштар бар экендигин билдирет. Кыргыз таануу сабагында өспүрүм балдар үчүн окутуунун ыкмаларын өздөштүрүү муктаждыктарды эске алуу менен түзүлүп олтурат.

Авторлор тарабынан түзүлгөн Кыргыз таануу сабагы өз ичине төмөндөгү мазмунду камтыйт.

Кыргыз эл санжырасы, жети ата, тууган урук,

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



жек жаат, куда сөөк, дос тамыр, кыргыз элинин үй-бүлөлүк баалуулуктары, адамдын жаш курагы, жаныбарлардын жашына жараша аталышы, Кыргызстандагы жер, суу атарынын мааниси, Күн, ай, жыл аттарынын кыргызча аталышы, боз үй жана анын ички, тышкы жасалгалары, улуттук кол өнөрчүлүк, ат жабдыктар, жоокердик курал жарактары жана кийимдери, кыргыз элинин улуттук кийимдер, улуттук тамак аштар, конок күтүү, кыргыз элинин улуттук каада-салттары, үрп-адаттары, жөрөлгөлөрү, улуттук майрамдар жана той тамашалар, улуттук музыкалык аспаптар, улуттук оюндар, элдик ырым-жырымдар жана турмуштук тыйуулар, элдик медицина, кыргыздардын диний ишенимдери, Эне-сай кыргыздарынын жазуусу, кыргыздардын чен бирдиктери, элдик оозеки чыгармачылык, манасчылар, элдик айтымдар, макал-лакаптар жана накыл сөздөр, заманчы акындар, элдик күүлөр, элдик ырлар, элдик бийлер, Кыргызстандагы орто кылымдарга таандык архитектуралык эстеликтер. Жогоруда айтылган темалардын баары кулакка жат баарын билгендей сезилет, бирок ар бир теманын мааниси, мазмунуна токтоло келгенде улуттук баалуулуктарды билбей турганыңды анын маанилүүлүгүн баалабай турганыңды сезесин. Авторлордун “Кыргыз таануу” боюнча өспүрүмдөр үчүн жазылган кошумча окуу куралы жана мугалимдер үчүн түзүлгөн усулдук колдонмосу боюнча жазылган усулдук баалуу эмгеги баамдабай, баамдасак да көңүл бурбай келген кыргыз таануудагы руханий баалуулуктарды, адеп-ахлактык тарбияны түшүнүүгө, кабыл алууга, тааный билүүгө жана жашоо турмушундагы иш-аракеттеринде пайдалана билүүгө түрткү берет.

Бүгүнкү күндө кыргыз таануу сабагы боюнча түзүлгөн кошумча окуу куралынын жана мугалимдер үчүн түзүлгөн усулдук колдонмо китебинин авторлору Талас облусунун чет-тилдер лицей-комплексинде, Талас мамлекеттик университетинин алдындагы “Бектур агай” лицейинде факультативдик сабактарын аталган лицейлердин мугалимдери менен өтүп жатышат.

Ар бир дарак өз тамырынан азыктанып кубат алып гүлдөп өнүккөн сыяктуу, ар бир улут өзүнүн тамырынан азык алып өсүп өнүгөт эмеспи. Анысы кандай Кыргыз эли дүйнөгө “Манастай” зор дастанды, Чыңгыз Айтматовдой залкар жазуучуну берген Борбордук Азиядагы байыркы элдердин бири. Тээ байыртан бери өсүп өнүгүп калыптанып келе жаткан өзүнө гана тиешелүү тарыхы, каада-салты, үрп-адаты, маданияты, улуттук баалуулуктары бар. Кыргыз таануу сабагынын негизги максаты өсүп келе жаткан жаш муундарды кыргыз элинин каада салт, үрп-адат жана улуттук баалуулуктары менен тааныштырып аларды мекенчилдикке, адептүүлүккө, ыймандуулукка тарбиялоо жана өз элинин улуттук баалуулуктарын баалай билүүгө үйрөтүү болуп саналат.

Кыргыз таануу сабагынын планынын иштелмелери 13-15 жаштагы өспүрүмдөргө ылайыкташтырылып, алардын билим деңгээлин, курагын эске алуу менен класстык сааттар жана ийримдер үчүн жазылып, азыркы учурдун талабына жараша иштелип чыкты жана ар бир тема сабакта интерактивдүү ыкмалардын колдонуунун негизинде жазылды. Ошондой эле сабактардын максаты инсандык сапаттарды калыптандырууга багытталып, окуучулардын позициясынан коюлду.

Мугалимдерге жана окуучуларга ыңгайлуу болуш үчүн сабакты өтүү мөөнөтүнө өтүлүүчү сабактын аптасы, айлары кошо көрсөтүлдү. Айлар бүгүнкү күндө колдонулуп жүргөн календарь менен дал келтирилген кыргызча аталыштары менен берилди.

Ар бир сабак фрагмент түрүндө жазылып өтүү убактысы 25-30 мүнөттү камтыйт. Ушул убакытка ченелип чакан макалалар жана тексттер берилди. Калган убакытты мугалим өз алдынча колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Макалалар жана тексттер окуучулардын эки экиден шериктешип же чакан топтордо биргелешип иштөөгө, бирин-бири окутууга, жалпы класс менен талкуулаганга ыңгайлаштырылды. Мугалимге багыт берүү максатында окуучулардын жооптору болжолдуу түрдө көрсөтүлдү. Сабактын кадамдарга бөлүнүшү сабакта убакытты туура пайдаланууга жана сабактын оптималдуулугун арттырууга жакшы шарт түзөт.

Өтүлгөн сабакты окуучулар канчалык деңгээлде өздөштүргөндүгүн байкоо үчүн жана кийинки өтүлүүчү сабакка эмнелерди эске алуу керектигин билүү үчүн мугалимдин сабакты рефлексиялык суроолор менен жыйынтыктоосу чоң мааниге ээ.

Сабакта окуучулар макалаларды, тексттерди окуп чыгып эле тим болбостон, аларга карата берилген тапшырмаларды аткарып билимге, билгичтике, көндүмдүктөргө ээ болушат. Алар окугандарын түшүнүп түшүндүрө билгенге жана түшүнгөндөрүн турмушта колдоно билгенге үйрөнүшөт. Өз алдынча иштей билүүгө, ой жүгүртүүгө, чечим кабыл алууга, башкалардын ой-пикирин уга жана баалай билүүгө көнүшөт.

***Кыргыз таануу сабагынын максаты:***

- Окучууларды кыргыз элинин үрп-адат, каада-салтына болгон кызыгуусун арттыруу;
- Окучуулар алган билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн турмушта колдоно билүүгө үйрөнүү;
- Окучууларды улутчулдукка эмес, улуттук наркнасилдерди баалай билүүгө үйронүү;
- Кыргыз элинин каада-салтын, үрп-адатын башка элдердин каада-салттарына катар коюу менен өз ара биримдикке, ынтымакка, достукка тарбиялоо.

***Кыргыз таануу сабагынын өзгөчөлүгү эмнеде?***

- **1-өзгөчөлүгү,** мектеп окучууларынын, өзгөчө өспүрүм балдардын жаш өзгөчөлүгүнө, билим

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



дңгээлине жараша түзүлгөн.

- **2-өзгөчөлүгү,** ар бир сабак интерактивдүү жаңычыл ыкмалардын негизинде окучуулардын жуптарда, чакан топтордо иштей билүүсүнө ылайыкташтырылган.
- **3-өзгөчөлүгү,** окучуулардын өз алдынча иштөөсүнө, ой-жүгүртүүсүнө, өз оюн эркин айта билүүсүнө көңүл бурулат.
- **4-өзгөчөлүгү,** сабактар – тесттер, синквейн түзүү, эссе жазуу жана рефлексиялык суроолор менен жыйынтыкталат.
- **5-өзгөчөлүгү,** кыргыз таануу класстан тышкаркы иштерге, ийримдерге, факультативдик сабактарга ылайыкташтырылган сабак.

***Кандайча ишке ашыруу керек?***

Кыргыз таануу сабагынын практика жүзүндө ишке ашырылышына кандай кадамдар жүргүзүлүп жатат. Бул маселени жогортон төмөн карай баштабай, төмөндөн жогору карай баштоо. Кыргыз таануу сабагы авторлор тарабынан жазылды.

Жогоруда айтып өткөндөй ал Талас облусунун чет тилдер лицей-комплексинде, Талас мамлекеттик университетинин алдындагы "Бектур агай" лицейинде 7-8 класстын окучууларына факультативдик сабак катары эксперттелди.

Талас облусунун класс жетекчилеринин жана мугалимдеринин кыргыз таануу сабагына болгон кызыгуулары жогору. Талас облусунун усулдук борборлорунда, мугалимдер курсунда да кыргыз таануу сабагын факультативдик сабактарда класстан тышкаркы ийримдерде колдоно билүүсү, пайдалануусу сунушталууда.

Кыргыз таануу сабагы боюнча 7-8-класстар үчүн окуу куралы жана мугалимдер үчүн жазылган колдонмо Талас мамлекеттик университетинин окуу-усулдук кеңешинде каралып, жактырылып, окуу жайдын Окумуштуулар кеңеши тарабынан басууга сунушталып, Талас шаарынын басмакансынан жарык көрдү.

Кийинки кадам, кыргыз таануу сабагынын өспүрүмдөр үчүн кошумча окуу куралын жана мугалимдер үчүн түзүлгөн колдонмосун Талас облусунун билим берүү мекемелерине, жайылтуучу натыйжалуу иш-аракеттерди уюштуруу милдеттери турат.

**Адабияттар:**


1. «Жарандардын рухий жана адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» КРнын Президенти С.Н.Жапаровдун Жарлыгы 2021-ж., февраль айы.
2. Педагогикалык сөздүк. - 2021-ж.771-бет.
3. Атагулов А.Р., Абдиева Ж.К., Кыргыз таануу сабагы (мугалимдер үчүн колдонмо), Талас, 2022-ж. - 232-бет.
4. Атагулов А.Р., Абдиева Ж.К., Кыргыз таануу сабагы (өспүрүмдөр үчүн окуу куралы), Талас, 2022-ж. - 166-бет.
5. Абдиева Ж.К. Влияние Чынгыз Айтматова на духовные ценности. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 5. - С. 62-65.